**Кыргыз республикасынын патенттик-техникалык китепканасы**

**Справкалап-маалыматтап тейлөө бөлүмү**

# Кыргыз Республикасында кредиттик системаны жүзөгө ашыруу

**Обзордук маалымат**

**Бишкек-2011**

Экономикалык кризисти жеңүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылга экономикалык программаны иштеп чыгуу боюнча “Экономика жана коопсуздук ” иш салтанаттын планы иштелип чыккан. “Экономика жана коопсуздук” салтанатынын принципиалдуу айырмасы анын кыска мөөнөттүүлүгүндө. Андан тышкары бул салтанаттын планында ишкердик ишмердүүлүктү өнүктүрүү, республикалык бюджеттин чыгашаларын кыскартуу жана мамлекеттин калк алдында социалдык милдеттерин сактоо үчүн жагымдуу шарттарды түзүү каралган.

Дагы бир-бирине байланышкан маселелердин бири болуп банктык чөйрөдө абалды жөнгө салуу, төлөй ала турган шартта ишканалардын коммерциялык кредиттерди алууларын камсыздандырышкан. Ушул максатта бир катар чаралардын планы каралат, анын ичинде “Айыл-чарбасын өндүрүүчүлөргө кредит алууну оңойлотуу” долбоору каралууда.

МПТКнын справкалап- маалыматтап тейлөө бөлүмү төмөнкү темада обзордук маалыматты даярдап чыгышты: Кыргыз Республикасында кредиттик системаны жүзөгө ашыруу.

Обзордук маалымат окурмандардын ири чөйрөсүнө багытталган жана алардын суроо-талаптарына толук жооп берет деп ишенебиз.

Обзордук маалымат жергиликтүү басманын негизинде даярдалып, справкалык-маалымат материалдарын өз ичине камтып, төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

1. Фермерлерге кредиттерди алуу жеңилдиги.
2.Тиричиликте – микрокредиттик долбоорлор.
3. Колдонулган адабияттардын тизмеси.

Көрсөтүлгөн маалыматтар менен сиздер төмөндөгү адрес боюнча тааныша аласыздар: Бишкек шаары, пр. Эркиндик 58 “А” 221 бөлмө, тел.66-46-59 СМТБ.

e-mail: gptbkr@rambler.ru

Түзгөн: Алымкулова А.А.
Которгон: Жумалиева Т.Ө

**Фермерлерге кредиттерди алуу жеңилдиги**

Базар мамилесине өтүү, экономиканын өнүгүүсү үчүн  резервдерди активдүү табуу менен  мүнөздөлөт. Мындай резервдин бири болуп бекем экономиканы колдоого жөндөмдүү, кредиттик системаны  ишке ашыруучу болуп саналат.

Кредиттик системаны жүзөгө ашырууда  илимий негиздер керек, ушул маселенин жалпы факторуна шартталган, көп маселелерди коюууда жаңылануу болуп саналат. Пландык экономиканын кыйрашы менен жаңы кредиттик системаны, анын ичинде агрардык сектордо мүмкүндүк пайда болгон. Экономиканын агрардык секторун кредиттөөнүн актуалдуу маселелери эң биринчи эле адамдардын жашоосунун сапаты менен аларды товарлар жана продуктылар менен камсыздандырууга байланыштуу. Аны менен кредиттер өзүнүн экономикалык категориясынын маанилүүлүгүн көрсөтөт, ал акча каражаттар фондун жана чарбалык субъектилердин товарларын, түзүү, бөлүштүрүү, пайдалануу, юридикалык жана физикалык жактардын экономикалык өнүктүрүү процесстерин мүнөздөйт. Ошондуктан агрардык секторго өтүү мезгилинде кредиттик системаны жүзөгө ашыруу жолдорун изилдөө теориялык гана эмес, практикалык мааниси да бар.

Агрардык сектордо кредиттик системаны түзүү жана жүзөгө ашыруу стратегиясы, агрардык экономикалык чөйрөнү бүт өз ичине: чарба субъектилерин, кайра иштетүүчү өнөр жайларды, тейлөө чөйрөсүн ошондой эле калкты өз ичине камтуусу керек. Ал айкын экономикалык секторду, базардын инфраструктурасын жана калктын жакшы жашоосун көтөрүүдө чоң мааниге ээ.

Агрардык сектордо кредиттик ресурстарды пайдалануунун таасирдүүлүгү алардын канчалык деңгээлде таратылуусунан жана кайтарып берилүүсүнөн көз каранды.

Ушуга караштуу, методологиялык негизди жана берүү механизмдерин жүзөгө ашыруу жана агрардык секторго кредиттик каражаттарды кайтарып берүүнү жүзөгө ашырууга чоң талап пайда болот.

Демек, агрардык сектордо жаңы финансы каражаттарын кредиттик системаны анын ичинде фермерлердин, айыл-чарба, жер жана муниципалдык банктар жана микрокредиттик системалар уюштуруу боюнча конкреттүү чараларды иштеп чыгуу керек.

Жаңы кредиттик система: айыл чарба ишканаларынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, калктын жашоо-тиричилигин жакшыртууга жана анын товарларга жана финансы базарына алмашып туруучу шарттарына кардарлардын тез арада алуусун камсыздандыруу жана кредиттерди өз убагында кайтаруусу керек. Аны менен кредиттерди алуунун оңой шарттарын түзүп берүү керек, ал эми карызга берүү жана кайтарып берүү механизмдери жөнөкөй жана айкын болуусу керек.

Бул жалпы мамлекеттик маселени чечүүдө Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын кредиттөөнүн укук негиздерин жүзөгө ашыруусу болуп саналат. Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасында кредиттик системанын нормативдик укук актыларына негиздүү бир катар болжолдоолор кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси ч.I и II.-Б.: Академия, 2005. -С.321-326.

Кыргыз Республикасынын Жер кодекси от 2 июнь 1999 жыл №45 //НАКР. -2009.-№24.-С.23-48.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Кыргыз Республикасында банктар жана банктардын ишкердүүлүктөрү жөнүндө" 29 июль 1997 жыл № 60.-Б., 2008. -С.36-132.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Юридикалык жактарды, филиалдарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" 20 февраль 2009 жыл №57//НАКР.-2009.-№10.-С.4-15.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Күрөө жөнүндө" 12 март 2005 жыл №4 //НАКР.-2010.-№32.-С.23-46.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы " Банк салымын коргоо жөнүндө" (депозиттер) 7 май 2008 жыл № 78//НАКР.-2010.-№46.-С.47-61.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы “Кредиттик союздар жөнүндө” 28 октябрь 1999 жыл № 117//НАКР.-2004.-№13.-С.3.

Кыргыз Республикасынын “Дыйкан чарбасы (Фермерлер) жөнүндө” 3 июнь 1999 жыл №47 //НАКР.-2010.-№39.-С.49-52.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында айыл чарбасын өнүктүрүү жөнүндө” 26 май 2009 жыл №166 //Эркинтоо.-2009.-5 июнь; №43.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы “ Айыл чарба жерлерин бөлүштүрүү Фондунун жерлерди пайдалануу Стратегиясын бекитүү жөнүндө” 10 апрель 2009 жыл №199 //НАКР.-2009.-№18.-С.11-12.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому “Фермерлерге кредит жеңилдиктери” Долбоорун бекитүү жөнүндө” 19 январь 2011жыл №12//НАКР.-2011.-№6.-С.10-16.

“Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агентстволорду түзүү жөнүндө” Жобо 11 сентябрь 2002 жыл №37/2 //НАКР.-2009.-№49.-С.4-11.

Өлкөнүн экономикасында айыл чарба секторунун үлүшү 19%, Кыргыз Республикасында жашаган айыл жергесинин калкынын үлүшү 65%ти түзөт.

Ушундай жол менен айыл-чарба өндүрүүчүлөрдү колдоо бирден-бир Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн приоритеттүү багыттарынан болуп эсептелет.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда өз ишмердүүлүгүн 21 коммерциялык банктар бүт республика боюнча филиалдардын ири түйүндөрү менен жүзөгө ашырышат. Ошондой эле банкка тиешеси жок финансы кредит мекемелери проценттин ставкасы боюнча ири диапазондо орточо банктын ставкасынан ашат.

Кредит алуу анын жогорку проценттүүлүгүнүн жана кыска мөөнөттүү болуусунун айынан, жеңилдиктердин жоктугунан төмөн болууда.

Бул жагдайда өзгөчө аймактарда актуалдуу болуп, калктын көпчүлүк бөлүгү жер иштетүү жана мал- жандыктарды багуу менен алектенүүсүндө.

Коммерциялык банктар үчүн айыл чарбасына кредит берүү кайра кайтарып алуу тобокелдиги жогору болгондуктан кызыктырбайт, анын ичинде айыл чарба продукциясын өндүрүүдө аны сатуу баасынын өзгөрүп тургандыгына байланыштуу Банк эмес финансы-кредиттик мекемелердин микрокредиттерди берүүсүндө бир топ алгылыктуу шарттары бар. Айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн аванс берүүлөрүнө өзгөчө көңүл бөлүү керек. Анткени, айыл-чарба продукциясын өстүрүүгө техника, ГСМ, урук, жер семирткич ж.б. керек. Дүйнөлүк тажрыйба күбө болгондой айыл чарбасын өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдө дотациялык тармак болуп саналат, демек жалпысынан же бөлүнүп, мамлекет тарабынан каржыланат. Кыргыз Республикасында 2009-жылы күзгү-жазгы айдап себүү иштерин жүргүзүүдө товарга кредит алууда урук түрүндө 5548 тонна, күйүүчү майлоочу материалдар-15 миң куб. М, минералдык жер семирткичтер-2586 тонна жана башка акча каражаттары. Көрсөтүлгөн каражаттарды бөлүштүрүүдө, бир айыл чарба өндүрүүчүгө ага керектүү көлөмдө ашык келген, ал фермерлер үчүн да таасирдүү эмес. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен фермерлерди колдоодо жаңы системаны иштеп чыгышты.

Республиканын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө 2011-жылдагы жазгы айдоо иштерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү "Фермерлерге кредит жеңилдиктери" деген 19 январь 2011-жылдын №12чи токтомду жана долбоорду бекиткен. Долбоордун жалпы баасы 1 млр.сом. Долбоордун максаты: 2011-жылдагы жазгы айдап себүү иштерин каржылоону өткөрүүнү камсыздоо. Долбоордун мөөнөтү 1 жыл.

"Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду" берилген мөөнөттүн бир жылдын аралыгында финансы каражаттары банк тарабынан чектелген жоопкерчилиги менен коомго кайтарылуусу керек. Долбоордун ичинде арзан каржы каражаттары жеке жана жалпы дыйкан чарбаларына 2011-жылы айдап себүү иштерин жүргүзүүгө берилет.

Финансы каражаттарын берүү коммерциялык банктар аркылуу, бул долбоорду ишке ашырууну каалагандар жүргүзүшөт. Долбоорду ишке ашырууга бардык банктардын катышуусу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан азыркы долбоорду ишке ашыруунун арасында айыл чарба өндүрүүчүлөрүн финансылоо жеңилдигинин жаңы схемасын жайылтууда материалдарды, уруктарды жана башкаларды берүү тажрыйбасынан чыгууга мүмкүндүк берет жана мамлекеттик каражатты пайдалануунун таасирдүүлүгүн жогорулатат. Долбоорду ишке ашыруу үчүн сынактар багытында өсүмдүк өстүрүү сектору белгиленген, бул багытты тандоо, берилген чөйрөнү өнүктүрүүгө жана ресурстарын эффективдүү колдонууну жогорулатууга шартталган.

Башка фактор,- кайра иштетүү өнөр жайынын, стабильдүү сыръелук базасы жок элестетүү кыйын.

Долбоорду ийгиликтүү ишке ашырууда мамлекеттик заказдарды камсыздандыруу боюнча суроолорду карап чыгуу, биринчи кезекте долбоорго кызыккан катышуучулар. Долбоорду ишке ашырууда төмөнкү тобокелдиктерди жана коркунучтарды эске алсак болот.

1. Фермерлердин каражаттарын багытсыз пайдалануу. Долбоор боюнча проценттик ставка 9%ке теңелээри күтүлөт. Берилген факт потенциалдуу заемщикти ойготот каражаттарды айдап себүү иштерине эмес, башка багытта пайдалануу үчүн каралган:

- коммерциялык банктардын кароосу боюнча этап-этап менен кредиттөө (3 этап, айдоо-50%, багуу-25%, жыйноо-25%);

- берилген кредиттер боюнча ставканы көтөрүү жолу менен максатсыз пайдаланууда жаза киргизүү;

- жергиликтүү коомчулукту жана мамлекеттик бийлик органдарын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөөгө тартуу.

2. Коммерциялык банктар тарабынан каражаттарды максатсыз пайдалануу тобокелдиги.

Төмөнкү проценттик ставканы көңүлгө алуу менен, коммерциялык банктар берилген кредиттерди кайра каржылоо боюнча операцияларды өткөрүүгө кызыкдар болушат.

Бул тобокелдикти төмөндөтүү үчүн төмөнкү иштерди өткөрүү керек:

- Долбоор боюнча “Банктарды кайра каржылоодо адистештирилген фонд” деген жоопкерчилиги чектелген коом менен максаттуу пайдалануунун такай мониторинги.
- “Банктарды кайра каржылоодо адистештирилген фонд” жоопкерчилиги чектелген коом менен “Фермерлерге каржы алуу мүмкүндүгү” долбоорунун айланасында банкка берилген кайтарып алуучу каражаттар.

3. “Банктарды кайра каржылоодо адистештирилген фонд” жоопкерчилиги чектелген коом тарабынан бөлүнгөн коммерциялык банктардын толук эмес тандоолорунун тобокелдиги.

“Банктарды кайрадан финансылоодо адистештирилген фонд” жоопкерчилиги чектелген коомдун алдында кредиттик милдеттерин коммерциялык банктар долбоордун аралыгында алып барышат, ал карыз алуучунун күрөө коюуусун камсыз кылууну талап кылат. Күрөөнүн жоктугу каражат бөлүп берүүдөн баш тартууга алып келет; мындай жол менен потенциалдуу карыз алуулардын санынын дефицитине алып келет, бул бүтүндөй коммерциялык банктардын жалпы суммасына таасирин тийгизет.

Төмөнкү тобокелдикти азайтуу максатында төмөнкүлөрдү карайбыз:

- долбоорго максималдуу мүмкүнчүлүктө банктарды кызыктыруу.
- Банктарга конкреттүү квотаны бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүн кароо.

4. Каражаттарды өлкөнүн региондоруна шайкеш эмес бөлүштүрүү.

Өлкөнүн региондору боюнча айдоо аянттарын текши эмес бөлүштүрүү, өлкөнүн аймактары боюнча каражаттарды текши эмес бөлүштүрүүгө алып келет. Тобокелдикти төмөндөтүү үчүн аймактарда айдоо маданиятына квота бөлүнгөн.

5. Жаратылыштын коркунучтуу катаклизмасы Республикада кескин континенталдык климаттын натыйжасында жаратылыш катаклизмасынын тобокелдиги бар, ал түшүмдү жоготууга алып келет, бул болсо өз кезегинде фермерлердин убада кылган финансы милдеттерин актабай калат.

## Микрокредиттик долбоорлор- тиричиликте

Коммерциялык банктар ири шаарларга ыкылас койгон , алардын коммиссионныйлары бардык эле айыл адамдарынын чөнтөгүнө өзгөчө өз ишин жаңы баштагандарга туура келбейт. Ошондуктан дыйкандар бир топ жыл мурун кабыл алынган “микрокаржылоо уюмдары жөнүндө” мыйзамын кубануу менен колдошту. Чакан кредитке жүздөгөн үй-бүлөлөр тартылган.

Анча чоң эмес сумма кедейчиликтен чыгууга жардам берди. Микрокредиттик уюмдарда карыз берүүдө өтө ыңгайлуу жана ийкемдүү механизмдери бар, ал кээде күрөөсүз эле жоопкерчиликке чектелген. Калктын короо-жайларын, чарбаларын кеңейтүүлөрүнө, киреше алып келүүчү ишкердүүлүк менен алектенүүсүнө, үйлөрүн куруугa, балдарына билим берүүлөрүнө үмүттөрү пайда болду. Айтмакчы дүйнөлүк практикада микрокаржылоо эң жаш жана тездикте өнүгүүчү бизнес, кедейчиликтен чыгуунун туура жана ишенимдүү ыкмасы.

Аны менен планетанын бардык булуң-бурчунан 50 млн. ашык кардарлар пайдалана алышкан. Кыргызстандын айыл жергесинин тургундары да өздөрүнүн жашоо тиричилигин оңдоого өздөрүнүн биринчи кадамын таштоодо. Бир топ популярдуу микрокаржылоочу уюм Кыргызстанда жабык түрдөгү акционердик коом “Бай Түшүм жана шериктери” ошондой эле о Bcentral Asia “Бай Түшүм жана шериктери” кредиттик портфели өткөн жылы 21%ке өстү. Ал эми кардарлардын саны 28 миңге жетти. Бул микрокаржылап тейлөө компаниясы базарда алдыңкылардын катарында. Көпчүлүк карыздар

айыл чарбасына кетет, кредиттерди 78%ке жакын жер айдоочулар пайдаланат. Эң кызыгы алардын жарымы аялдар. Компанияда 7 филиал жана 39 офис бар, ал алыскы райондордо жана айыл өкмөттөрдө оперативдүү тейлөөгө мүмкүндүк берет. “Бай Түшүм жана шериктер” бөлүмү Ошто, Жалал-Абадда, Нарында , Таласта, Караколдо, Баткенде, Токмокто, Беловодскиде, Сокулукта бар. Баарынан көп өкүлдөр “Бай Түшүм жана шериктер” – Ош областында, филиалдары Кара-Суу, Ноокатта, Өзгөндө, Араванда, Кара-Кулжада, Гүлчө айылында. Карыз акчалар анча кымбат эмес аларды улуттук акча түрүндө берет.

Агрокредиттер мал багуучу, сүт өндүрүп кайра иштетүүчү өнөр жайы, эт, буудай , жер-жемишти өстүрүү, тоок өстүрүү, балчылык кылууга байланыштуу ишкерлерге берилет.

Кредиттик офистер менен келишимин түзүү менен 20 000ден 250 000 сомго чейин эки жылга алууга болот. Бул жерде жеке карызды төлөөгө ыңгайлуу шарттар бар: жеңилдик убактысы алты айдан бир жылга чейин созулат, проценттик ставкасы калган кредиттин суммасына которулат. Жакшы жактары да бар: силердин каражаттарыңар айландырууда калат да жакшы киреше алып келет. Карыз алуу үчүн бизнес-план керек. Иш кагаздарын туура толтурууга адис жардам берет, кредит бир жуманын аралыгында бачым которулат. Ыссык-Көлдүн түштүк жээгинде Эсен Аламанов балык багуу чарбасы “Каракол балыгын” уюштурган, ал арендага бир канча көлчүктөрдү алып, ага форельдерди өстүрүүгө максат койгон.

Андан тышкары сига, амур, карпа өстүрүүгө да бет алган. “Кара -Кол” балыгын кеңири өстүрүүгө жаңы каражаттар керектелген. Ишкер “Бай-Түшүм шериктер” микрокаржылоо компаниясына кайрылган. Бул жерден ага узак мөөнөттөгү карызды лизинг шартында алууга совет беришкен. Ушундай жол менен Аламанов 10 бассейн жана 5 инкубациялык аппаратты 3500 АКШ долларына алган. Акырындап “Кара Кол балыгында” балыктардын саны көбөйгөн. Ири соода түйүндөрүнөн экөөсү Ыссык-Көл аймагында, көлмөдөгү

балыктардын сапаты бардык санитардык жана экологиялык нормаларга туура келээрин официалдуу түрдө тастыкташты.

Компаниялардын ичинен бирөөсү жылына 2-3 тонна балыкты алып келип туруууларына келишим түзгөн. Ишкер Алманов “Бай Түшүм жана шериктер” компаниясына каржы жактан колдоо көрсөткөндөрүнө ыраазы. Замира Биймырзаева Талас районунун Кызыл-Суу айылында жашайт. Анын тагдыры жөнөкөй болгон жок: 2002-жылы күтүүсүздөн күйөөсү каза болду, ал өзү жалгыз балдарын чоңойтууга бел байлады. Албетте, материалдык жактан кыйынчылык пайда болду. Замира Биймырзаева “Бай Түшүм жана шериктер” компаниясына кайрылган. Ал өзүнүн карызын 100 000 сом алган, бул акчага уй, жем алышкан. Жайында Замиранын чарбасында музоо пайда болду, акырындык менен кредиттен кутулду. Экинчи жолу көбүрөөк акча керек болду-150 000 сом аны ишкер айым саан уйларды сатып алууга жумшады. Бул жолу ал ири сыр чыгаруучу завод “Өзөн -Ата” менен сүт жеткирип турууга келишим түстү. Киреше пайда болуп, ага үй-бүлөлөрүн жана мал кармоочу короо-жайларын оңдошту. Бүгүнкү күндө ишкер айымдын үйү бар, аларды багууга балдары жардам беришүүдө. Келечекте Замира жеке кичи-ферманы уюштуруп ири мүйүздүү жандыктарын 30 чактыга жеткирүүнү пландаштырууда. Ал келечекке ишенимдүү карап , кыйынчылыктан коркпойт.

Кыргызстанда 1999-жылдан тарта бизнесмен профессионалдардын Эл аралык өкүлчүлүгү иштөөдө.

BPN International программасынын президенти жана түзүүчү Швецариянын атуулу Юрг Опперхт. Бизнесмен профессионалдардын Эл аралык өкүлчүлүгүнүн түйүнү кичи жана орто бизнес чөйрөсүндө иштеген ишкерлерди эл аралык стандартка ылайык рационалдуу иш алып барууларына үйрөтүшөт.

BPNCa кардарлары өлкөнүн бардык областарында жашашат, 10 жыл ичинде компанияда 5000 жумуш орду түзүлгөн.

Карыздан тышкары кардарлар, өздөрүнүн бизнестерин ачууга керектүү финансы менеджмент, маркетинг, персоналдарды тейлөө боюнча комплекстүү

билим ала алышкан. Юридикалык жана бажы укугу, товар сатуу жана тейлөө боюнча семинарлар үзгүлтүксүз уюштурулуп турат.

1000 сомдон 20 000 долларга чейин кредитти 3-3,5 жылга айыл чарба продукциясын иштетүү үчүн жылдык 10% менен алууга болот.

Кандидат өзүнүн бизнесин өнүктүрүүдө так концепциясы BPB CA кабыл алган нормасына ылайык бизнес-план жана финансыны пландаштыруу таблицасын таанызтырып, көрсөтүүсү керек. Карыз алуучуларды Швецариянын өкүлдөрү менен биргеликте долбоордун консультанттары тандайт. Азыркы күндө BPN International программасы боюнча иштердин жыйынтыгын чыгарса болот. Ишкерлер таза, так, ийгиликтүү иштеп, жумуш орундаларын түзүшүп ошону менен жумуш менен камсыз болуп, жакырчылыктан чыгууда. Чүй областында Норвегия королевствосунун посолу келип кеткен, Казахстанда Дага Малмера Халверсон жана ЮНИФЕМдин аймактык директору Дамира Сартбаева келип кеткен. Алар “Кыргызстанда айылдык аялдардын экономикалык коопсуздугун бекемдөө” деген программа боюнча Чүй областындагы иш алып барып жаткан бир канча микрокредиттик долбоорлор менен түзүлгөн долбоорлор айыл аялдарынын финансы жактан көзкарандысыздыгын гана билдирбестен, коомчулукка бүтүндөй пайда алып келет. Биринчи жолугушуу Кемин районунун Алтымыш айылында болуп өткөн. Бул жерде “Ак жалга ” сүт алуучу пункту салтанаттуу түрдө ачылган.

Бул салтанаттын башкы күнөөкөрү “Умай Эне” коомдук бирикменин жетекчиси Шаирбүбү Абдылдаева.

Бул азыркы күндө биринчи эмес бирок эң чоң долбоор. Бул Кара-Була айыл округунда жашаган айыл тургундарынын жыйынында башталып, анда жергиликтүү коомчулуктун кызыктуу маселелерин талкуулаган. Негизги маселелердин бири сүттү сатуу кыйынчылыгы. Кемин районунда сүт заводу жок. Ошондуктан, сүттү Токмокко же Бишкекке чоң цистерналар менен алып барышат. Ошондуктан ортомчулар цистернага канча сүт батса ошончо тонна сүт гана алышат, калганын жерге куйсаң да эч кимге сата албайсың. Анын үстүнө ортомчулар өтө төмөн баа менен литрин 4-5 сомдон алышат. Кабыл

алуучу пунктта атайын 3 тоннага чейин сүттү муздаткычы менен складка сактоо мүмкүнчүлүгү менен сатып алынган. Мындан ары ОАО “Бишкексүткө” жогорку баа менен ортомчуларсыз алып келүү пландаштырылууда. Дагы “Умай Эне” сүттөн кефир, йогурт, сметана, май кылып чыгаруу боюнча пункт ачып, аны менен райондогу 33 мектепти, 3 оорукананы жана 8 балдар бакчасын камсыздандырууга ниеттенүүдө. Бул анча чоң эмес пунктун келечеги чоң. Бул долбоорду ишке киргизүү үчүн Ш. Абдылдаева анча чоң эмес - 4,5 миң доллар гана алган. Бул акчага Атымыш айылындагы каралбай калган №19 профтехлицейдин жатаканасын ремонттоп: сүттү муздатуу жана сактоо үчүн жабдыктардын жыйындысын сатып алып коюшкан. Лицейде окуу классы жабдылып жаштарды мындай жабдыктар менен иштөөгө үйрөтөт. Бул долбоорду ишке ашырууда экономикалык коопсуздукту бекемдеп ушул айылдын жашоочуларын гана эмес коңшу айылдын финансы жактан көзкарандысыздыгын камсыз кылат. Андан тышкары, долбоор аялдардын активдүүлүгүн жогорулатып айылдын жашоосун жакшыртуу боюнча чечим кабыл алууну, алардын социалдык-экономикалык пландарын иштеп чыгууга активдүү катышууга мүмкүндүк берет.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1.Арабаева Ч.И. Правовые основы кредитования сельского хозяйства Кыргызской Республики (проблемы теории и практики).Автореферат дисс.на соиск.учен. степени доктора юрид. Наук.-Б.,2005.-С.4-5.

2.Баймуратова А.А. Финансово –кредитная система Кыргызстана: состояние, проблемы и перспективы развития. Автореферат дисс.на соис.учен.степени канд.экон.наук.-Б.,2009.-С.8.

3.Бекбасаров Т.Р. Совершенствование методов оптимизации денежно-кредитной политики (на примере Кыргызской Республики). Автореферат дисс.на соиск. Учен. Степени канд. Экон. Наук.-Б.,2010.-С.3-4.

4. Джалилова Л.Н. Инновационные процессы в области финансово-кредитной политики Кыргызской Республики.-Б.,2010.-С.3-4.

5.Джумабаев М.К. Формирование и пути совершенствования кредитной системы в сельском хозяйстве в переходный период (на примере Кыргызской Республики).Автореферат дисс.на соиск.учен. степени канд.экон.наук.-Б.,2006.-С.1.

6. Золотарева Л.С. С заботой о женщинах кыргызских селений (Микрокредитные проекты в Чуйской области) //Чуйские известия.-2010.-5 ноября.-С.4.

7. Кредиты станут доступнее тем, кто платит по долгам //Слово Кыргызстана.2009.-27 ноября.-*.

8.Лайлиева М. “Экономика и безопасность”-2011 год //Финансист.2011.-№6.С.8.

9.Лунева Г. Спасательный круг- микрокредит//Слово Кыргызстана.-2010.-30 июня.-С.10.

10. Мырзабаева М. Доступные кредиты фермерам (Интервью с зам. Председателем правления Айыл Банка Садат Джаныбековой) //Финансист.-2011.-№10; 17марта.-С.6.